"Бекитемин"
ОшМУнун ректору,
проф. К.Г.Кожобеков
____________
_________2020-ж.

# ОшМУнун колледждериндеги предметтик-циклдык комиссиянын жобосу

## 1.Жалпы жобо

1.1. Бул Жобо КРдин билим берүү жөнүндөгү Мыйзамдын, КРдин орто кесиптик билим берүүнүн 2004-жылынын 3-февралындагы №53 Жобосунун, КР Өкмөтүнүн 2012-ж. 4-июлдагы №470 "КРдин орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу жөнүндөгү" Жобосунун, ОшМУнун уставынын негизинде иштелип чыккан.

1.2. ОшМУнун колледждеринин предметтик-циклдык комиссиясы (мындан ары - ПЦК) - тектеш предметтерди окуткан окутуучулардын окуу-усулдук бирикмеси. Ал жалпы билим берүүчү жана кесиптик дисциплиналардан турат.

1.3. ПЦК төмөнкүдөй максаттарга ылайык уюштурулат:

- Орто кесиптик билим берүүдө ишке ашырылуучу мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуу;

- Орто кесиптик билим берүүдөгү бүтүрүүчүлөрдү жалпы, кесиптик компетенцияларды калыптандыруу менен кесипке даярдоо жана окутуучулардын квалификациясын жогорулатууга көмөктөшүү;

- Орто кесиптик билим берүүдөгү окутулуучу предметтердин сапаттуу окутулушун камсыздоо;

- адистерди даярдоодо жаңы технологияларды, алдыңкы усулдук ыкмаларды колдонууну ишке ашыруу.

1.4. ПЦК – өзүнүн ишин окуу-усулдук максатка жана колледждин окутуучулук курамынын, студенттердин кызыкчылыгына ылайык алып барат. Ошондой эле дирекция, окуу бөлүмү, методикалык жана педагогикалык кеңеш менен тыгыз кызматташат;

1.5. ПЦКнын төрагасы жыл сайын аткарылган жумуштардын жыйынтыгын педагогикалык кеңешке даярдайт;

1.6. ПЦКнын төрагасына адистиги туура келген, тиешелүү ПЦКда 3 жылдан кем эмес иштеген талапкер сунушталат;

1.7. ПЦКнын төрагалары адистиктер боюнча тиешелүү бөлүм башчыларга баш ийишет;

1.8. Колледждин предметтик циклдык комиссиясынын төрагасын колледждин директорунун сунушу менен ректор дайындайт;

1.9. ПЦК боюнча жобо колледждин педагогикалык кеңешинде талкууланып, сунушталат. ОшМУнун ректору тарабынан бекитилет.

## 2. ПЦКнын негизги милдеттери

2.1. Орто кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын өзгөчөлүгүн эске алуу менен окуу процессин нормативдик талаптарга ылайык уюштуруу, кызыкдар тараптар менен тыгыз байланышта негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруунун камсыздоо, колледждин адистиктеринин кесиптик деңгээлин жогорулатууну бөлүм башчы менен биргеликте пландаштыруу жана уюштуруу;

2.2. Билим берүү процессин методикалык жактан камсыздоо, окуу-программалык документациялардын сапаттуулугун өркүндөтүү, студенттердин билимин баалоо үчүн бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу;

2.3. Студенттердин чыгармачылык потенциалын камсыз кылуучу, дүйнө таанымын жогорулатууга таасир этүүчү алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды топтоп, жайылтуу, адистерди даярдоонун сапатын жогорулатууга багытталган педагогикалык технологияны кийирүү;

2.4. Дисциплиналар боюнча окуу-материалдык базаны талдоо, баалоо жана өнүктүрүү;

2.5. Окуу-методикалык комплектерин иштеп чыгуу, талкуулоо, бекитүүгө сунуштоо;

2.6. Өз ара сабакка катышууларды, ачык сабактарды уюштуруу жана предметтер аралык байланышты талкуулоо;

2.7. Колледждин окутуучулук курамынын педагогикалык чеберчилигин өркүндөтүү жана кесиптик деңгээлин жогорулатуу жаатында иш алып баруу;

2.8. Жаш окутуучулардын педагогикалык тажрыйбасын арттырууга көмөк көрсөтүү;

2.9. Көз карандысыз аккредитациянын тиешелүү талаптарына ылайык билим берүү процессин уюштуруу.

### 3. Предметтик-циклдык комиссиянын курамы:

3.1. Предметтик-циклдык комиссиянын сандык курамы методикалык жактан максатка ылайыктуу аныкталат жана педагогикалык кеңеште каралып, колледждин директору тарабынан бекитилет.

### 4.ПЦКнын төрагасы төмөндөгү функцияларды аткарат:

- Негизги кесиптик билим берүү программмаларын ишке ашырууну кызыкдар тараптардын сунуш-пикирлерин эске алуу менен пландаштырат, уюштурат;
- ПЦКнын ишине түздөн түз жетекчилик кылат, циклдык комиссиянын чогулуштарын өткөрөт;
- Студенттерге инсанга багытталган ыкмалар менен, аярлуу катмардагы студенттерди эске алып окуу процессин уюштурууну камсыздайт;
- Окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү боюнча бөлүм башчыга сунуш берет;
- Адистиктердин максатын, окутуу натыйжаларын бөлүм башчы менен биргеликте кызыкдар тараптардын сунуштарын эске алуу менен аныктайт;
- Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын (мындан ары - МАК) курамын аныктоо, МАКты уюштуруу боюнча бөлүм башчыга сунуш даярдайт, макулдашат;
- окутуучулардын ишине чыгармачыл, методикалык жана уюштуруучулук көзөмөлдөө жүргүзөт, ишмердүүлүгүн жаңы баштаган окутуучулар менен иштөөнү уюштурат (Устат-шакирт, салттуу ыкмалар ж.б.);
- Окуу процессин камсыз кылуучу ПЦКга тиешелүү болгон номенклатура боюнча документациялык иштердин окутуучулар тарабынан аткарылуусуна көзөмөл жүргүзөт;
- ПЦКнын отурумдарын ай сайын уюштурат;
- Ачык сабактардын даярдалышын жана өткөрүлүшүн, окутуучулардын өз ара сабактарга катышуусун жана коомдук иш-чараларга катышуусун камсыздайт, көзөмөлгө алат;
- Окуу китептерин, окуу-усулдук колдонмолорду иштеп чыгууга мотивация берүүнү, публикацияларды чыгарууга шыктандыруу боюнча шарттарды жаратат;
- ПЦК мүчөлөрүнүн алгылыктуу иш-тажрыйбаларын жайылтуу иштерин жүргүзөт;
- ПЦкнын төрагасы жалпы жамаат менен өз ара түшүнүүчүлүк жана моралдык-психологиялык чөйрөнү түзөт;
- ПЦКнын номенклатурасына ылайык документ айлантууну жүргүзөт жана сактайт;
- Ушул жободогу ПЦКнын негизги милдеттериндеги пункттарды уюштурууну ишке ашырат.

### 5. ПЦКнын төрагасы жана мүчөлөрүнүн укуктары:

- Дисциплиналар боюнча окуу программаларынын мазмуну боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- Колледждин ишмердүүлүгүндө орун алган кемчиликтерди жоюу боюнча билим берүү процессин жакшыртуу жана иштин ыкмаларын өркүндөтүү боюнча сунуштарды кароого жана сунуштоого;
- Жетекчиликтин тапшырмасы боюнча билим берүү мекемесин башка уюмдарга көрсөтүүгө, тааныштырууга;
- Студенттердин окуудагы жана илимий изилдөө иштеринин жетишкендиктери боюнча моралдык жана материалдык сыйлыкка сунуштоого;
- Окутуучулардын жогорку кесиптик ишмердүүлүгү, илимий жетишкендиктери жана коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн моралдык жана материалдык сыйлыкарга көрсөтүүгө.

Макулдашылды:

1. ОшМУнун орто кесиптик билим берүү жана кесипке багыт берүү иштери боюнча проректору Г. Эриебаева [?]
2. ОшМУ колледжинин директору Р. Айтокунов [?]
3. Медицина колледжинин директору О. Исламидин [?]
4. Финансы-юридикалык колледжинин директору Н. Исаков
5. ОшМУнун укук иштери бөлүмүнүн башчысы А. Мойдунов